# НАРЫН РЕГИОНУНДАГЫ СОЦИАЛДЫК РЕПРЕССИЯЛАРДЫН КООМДУН ӨНҮГҮҮСҮНӨ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**БЕКТЕМИРОВА А.,**
**ЖУМАБАЕВ М.,**
**РАШИТ КЫЗЫ ИЗЗАТ**
biblionsu@rambler.ru

1920-жылдардын аягында Сталиндин бийлигинин күч алышы массалык репрессиялар менен коштолгон. Репрессиялар И.Сталин өлгүчөктү интенсивдүү түрдө жүргүзүлүп турган. Бул боюнча көптөгөн изилдөөчүлөр ар түрдүү маалыматтарды жазып келишет. Г.А.Медведевдин жазганы боюнча 40 млн.го жакын[1], А.В.Антонов-Овсеенко тарабынан берилген маалыматтар боюнча 80 млн.дон ашык адам[2] сталиндик репрессиялардын курмандыктары болушкан. Ал эми О.Б.Мазохиндин изилдөөлөрү боюнча 1921-1953-жылдардын аралыгында 4 308 487 адам кылмыш жоопкерчилигине тартылып, алардын 835 194ү жогорку жазага тартылышкан[3]. Бирок иш жүзүндө массалык репрессиялардын курмандыктарынын саны азыркы учурга чейин так аныктала элек.

Солчул көз караштагы тарыхчылардын берген түшүндүрмөлөрү боюнча сталиндик репрессиялар, большевиктердин саясатынын жана В.Лениндин курсунун өтө орой түрдө бурмаланышы катары мүнөздөлөт. Алар, репрессиялангандардын басымдуу бөлүгү партиянын мүчөлөрү, аскердик жана ар түрдүү кызматтардагы жетекчилер болгондугуна басым жасашат. Ал эми жарандык согуштун учурундагы кызыл террорду учурдун талабына карата аргасыздан жүргүзүлгөн иш-чара катары көргөзүшөт.

Кээ бир тарыхчылардын пикири боюнча сталиндик репрессиялар Октябрь революциясынан кийин башталган саясий репрессиялардын, кызыл террордун уландысы катары саналат. Алар режимдин душмандары жана И.Сталиндин саясий атаандаштары гана эмес, карапайым калктын дагы репрессиянын курмандыктарына айлангандыктарына өзгөчө басым жасашат. Чындыгында эле массалык терроргo социалдык абалы боюнча тап душмандары катары саналгандардан тышкары, жөн гана режимге макул эмес адамдар дагы кабылышкан. Ал тургай көпчүлүк учурда ак жерден же күнөөсү далилденбестен эле миллиондогон адамдар жазага тартылышкан.

Репрессиялардын эң күч алган мезгили 30-жылдардын экинчи жарымына туура келет. Репрессияларды Совет мамлекетинин жогорку жетекчилеринин ортосундагы бийлик үчүн күрөшкө байланыштырып келишет. Бирок, анын түпкү маңызы башкача болгон. Репрессиялардын негизги максаты жалпы массанын аң-сезиминдеги эркиндикти жок кылууга багытталган.

Биринчи дүйнөлүк согуштун учурундагы баш-аламандыктардын жана саясий туруксуздуктардын натыйжасында бийликке келген большевиктер партиясы өздөрүн алгачкы мезгилдерден тартып эле пролетариаттын – жумушчу табынын жана дыйкандардын кызыкчылыгын коргоочулар катары көргөзүүгө ар тараптан умтулушкан. Ал эми ошол кездеги өлкөнүн абалы боюнча алып караганда жумушчу табы калктын басымдуу көпчүлүгүн түзө алган эмес. Калктын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн дыйкандар болсо саясий окуяларга анча активдүү катышпагандыгы менен айырмаланган. Бул көрүнүш бир жагынан алып караганда большевиктер үчүн ыңгайлуу абалды түзгөн. Коомдук мамилелерге активдүү эмес пассивдүү катышкан социалдык топторду башкаруу бир кыйла жеңил.

Бирок, убакыт көргөзгөндөй аскердик коммунизм жана НЭП жылдарында алардын басымдуу көпчүлүк бөлүгүнүн Совет мамлекетинин жүргүзгөн саясатын чындап колдобостугу белгилүү болуп калган. Ошондуктан мажбурлоо жолу менен бийликти чыңдоо жүрүп, аны ишке ашырууда массалык жазалоолор кеңири колдонулган.

Массалык репрессияларды көпчүлүк тарыхчылар саясий жана социалдык деп бөлүп карашат. Чындыгында эле саясий репрессиялар жеке инсандарга, саясий көз караштары, саясий ишмердүүлүктөрү үчүн жүргүзүлсө, массалык социалдык репрессиялар социалдык топторго карата жүргүзүлгөн. Бул жерде инсандын жекече ишмердүүлүгүнө же саясий көз караштарына эмес кайсыл бир социалдык топко таандык экендигине басым жасалат.

Социалдык репрессияларга кимдер кабылышкан? Социалдык репрессияга кабылгандарды жалпысынан төмөндөгүдөй топторго бөлүп карашат:

- Айылдардагы бай жана орто дыйкандар
- Мурдагы буржуазиянын өкүлдөрү помещиктер, дин ишмерлери, падышалык армиянын офицерлери
- СССРдеги кээ бир улуттар
- Кээ бир белгиленген аймактарда жашагандар (М: чек ара аймактарында)[4].

Массалык репрессиялар учурдун талабы эмес, алдын ала кылдат даярдалган саясат болгон. Сталиндик репрессиялардын идеологиялык базасы жарандык согуш жылдарында эле калыптанган болуучу. И.Сталин өзүнүн жаңы концепциясын 1928-жылдын июлундагы БКП(б) БКнын Пленумунда, социализмди куруу учурунда тап күрөшү күчөй берээрин, зыяндуу элементтерди аёосуз түрдө жок кылуу зарыл экендигин билдирген. Анын бул билдирүүсүн репрессиялардын башталышы катары эмес, мындан ары ири масштабда жүргүзүүлөрүнө карата чакырык катары балоого болот. Ал эми иш жүзүндө массалык репрессиялардын башталыш убактысын так белгилөө мүмкүн эмес. Репрессиялар этап-этап менен жүргүзүлүп турган.

Репрессиялардын жүрүшүндө биринчи чабуул Совет мамлекетине социалдык жат элементтерге – мурдагы башкаруучу таптын өкүлдөрүнө жана оокаттуу адамдарга карата жүргүзүлгөн. Бул башталышы гана эле.

Репрессиялар пландуу жүргүзүлгөн. Саясий репрессиялардын күч алган мезгили 1930-жылдардын экинчи жарымына туура келсе, ал эми социалдык репрессиялардыкы 20-жылдардын аягы 30-жылдардын башына туура келет. Ал коллективдештирүүдөн мурда башталганы менен анын интенсивдүү жүргүзүлүшү бул саясаттын күч алган мезгилдерине байланыштуу. 20-жылдардын ортосунан баштап эле тап душмандарын аныктоодогу критерийлер боюнча талаш-тартыштар жүрүп келген. 1930-жылы 30-январда БКП(б) БКнын Саясий бюросу «Туташ коллективдештирүү жүргүзүлүп жаткан райондордогу кулак чарбаларын жок кылуу иш-чаралары жөнүндө» токтом кабыл алат. Токтомго ылайык кулактар 3 категорияга ажыратылган:

- Биринчи категория – контрреволюциялык актив, террористтик актылардын жана козголоңдордун уюштуруучулары;
- Экинчи категория – бай кулактардан жана жарым помещиктерден турган контрреволюциялык активдин калган бөлүгү;
- Үчүнчү категория – калган кулактар.

Биринчи категориядагылардын үй-бүлө мүчөлөрү жана экинчи категориядагылар өлкөнүн алыскы аймактарына сүргүнгө айдалышкан. Үчүнчү категориядагылар болсо өздөрү жашаган райондордун чегиндеги аймактарга жиберилишкен. Бирок дайыма эле бул категориялар туура аныкталган эмес.

Социалдык репрессияларды жүргүзүүнүн максаты эмне болгон? Советтик идеологияда болсо коммунизмди курууда тап күрөшү курчуй берээрине басым жасалган. Аны уланта берүүнүн чындап эле зарылчылыгы бар беле? Жарандык согуш аяктаган соң мурдагы башкаруучу топтун өкүлдөрү Совет бийлигине олуттуу деле каршылык көрсөтө албай калган. Ага кошумча алар массага таасир көргөзүүчү таянычтарынан, артыкчылыктарынын ажырашкан. Алардын бир бөлүгү чындап эле большевиктердин саясатын жана режимин ыктыярдуу кабыл алышкан. Бирок, ошентсе да бул топко карата куугунтуктоолор ого бетер күчөгөн.

Совет бийлиги үчүн душман катары саналышкан бул катмардагы адамдар оокатуу болушкандыктан башкаларга экономикалык жактан таасирдүү болушкан. Алардын мындай мүмкүнчүлүктөрүн жок кылуу үчүн мүлкү конфискацияланып мамлекеттин карамагына алынган.

Алардын жер-жерлерде жана туугандарынын арасында кадыр-баркы да жогору болгон. Кээ бир адамдар каражаттарынын жана мал-мүлкүнүн көптүгүнө эмес ата-тегине байланыштуу жазага кабылышкан. Ошондуктан алардын мындай таасирин жок кылуу үчүн сүргүнгө айдоо ыкмасы кеңири колдонулган.

Бул катмардын көпчүлүк бөлүгүн билимдүү адамдар түзүшкөн. Ал эми тоталитардык система үчүн анын идеологиясына, саясатына чындап берилбеген билимдүү адамдар олуттуу коркунуч жаратышы мүмкүн эле. Көптөгөн көрүнүктүү, билимдүү адамдар, ал тургай белгилүү окумуштуулар да

социалдык репрессияларга кабылышкан же таптакыр өлкөнүн аймагынан сыртка кетүүгө аргасыз болушкан.

Бул процесстер бүткүл өлкө боюнча ири масштабда жүргүзүлгөн. Жалпы саясат жана идеология бирдей болгону менен ошол мезгилде салыштырмалуу артта калган Кыргызстан сыяктуу аймактарда ал өзгөчө мүнөзгө ээ болгон.

1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшкө байланыштуу Кыргызстандын түндүгүндөгү кыргыздардын көпчүлүгү Кытайга качууга арагасыз болушкан жана мал-мүлктөрүнүн көпчүлүк бөлүгүнөн ажырашкан. Алардын мекенине кайтуусу 1920-жылдардын ортосуна чейин улангандыктан борбордогу классикалык түрдөгү «кулак» деген аныктама кыргыздардын көпчүлүк бөлүгүнө туура келген эмес[5]. 1928-1929-жылдардагы жүргүзүлгөн каттоодогу маалыматтар боюнча Кыргызстандагы кулактардын үлүшү жалпы дыйкан чарбаларына салыштырмалуу 1,8%ды гана түзгөн. Ал эми директивалык документтерге ылайык жер-суу реформалары жана туташ коллективдештирүү мезгилиндеги кулак тартуунун өлчөмү Кыргызстандагы бардык дыйкан чарбаларынын 3-5%нан ашпашы керек эле[6]. Ал эми планды ашыкча аткаруунун кесепетинен көпчүлүк орто чарбалуу адамдар жапа чегишкен.

Кулакка тартуунун алгачкы жылдарын эле мисал кылып карасак, көрсөткүчтөр анча көп сезилбеши мүмкүн. Бирок, сапаттык жагын эске алсак анын кесепети кыйлоо оор болгон. Бай-манаптарды массалык түрдө тап катары жоюу 1920-жылдардын экинчи жарымынан башталган. 1927-жылы 12-мартта Кыргыз АССРинин Советтеринин I Уюштуруу съезддинде бай-манапчылык жана кулактар менен күрөшүү тууралуу токтом кабыл алынган. Ага удаа эле 27-мартта БКП (б) нын Кыргызобкомунун Аткаруу бюросунда манаптар менен күрөшүү боюнча атайын чечим чыгарылып, Кыргызстандын аймагынан 21 манап Россияга көчүрүлгөн. Алардын ичинде Нарын кантону Загорная волостунан – Максумов Биялы, Сарпеков Түркмөн, Дикамбаев Мырзабек, Канатов Карыпбай, Эсенгул волостунан – Чокоев Казы, Нарын волостунан – Байгазинов Эсенгул болгон[7]. Нарын кантону боюнча сүргүнгө айдалган бай-манаптарга тиешелүү мүлктөр 9611 рубль 85 тыйынга сатылып, анын 9503 рубль 60 тыйыны банкка өткөрүлгөн[8]. Репрессиянын бул багыты айыл-кыштактардагы оокаттуу бай-манаптардын бардык өндүрүшүн, жерин жана жарандык укугун тартып алууга арналган[9].

Андан кийин Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу комитетинин 1928-жылдын 15-октябрындагы чечимине ылайык бүткүл республика боюнча 44 манапты сүргүнгө айдоо белгиленген. Ал 1929-жылдын февраль-март айларында ишке ашырылып, манаптардын чарбасы жок кылынып, мүлктөрү конфискацияланган. Алардын ичинен Нарын кантонунан – Алеков Келдибай, Жакыпбеков Боогачы, Исраилов Мусакожо, Култаев Канат, Буланов Чыңгыш ажы, Кыдырбаев Калы, Алимбеков К, Дордоев Жумабай, Макеев Чертике, Ноорузбаев Мамбетимин жалпысынан 12 манап үй-бүлө мүчөлөрүн кошкондо 79 киши айдалган[10]. Бул адамдардын кыйла бөлүгү өз мезгилинин алдыңкы инсандарынан болуп, эл үчүн кызмат кылышкан. Мисалы, Боогачы Жакыпбек уулу Кытайдан кайтып келгендерге жардамдарды уюштурууга, жаш балдардын кат сабатсыздыгын жоюуга кыйла эмгек сиңирген.

Коллективдештирүү саясатынын жүргүзүлүшү менен кулакка тартуу өзгөчө күч алган. Жаңы коомдун түзүүчүлөрү манаптарга каршы күрөштө карапайым калктын колдоосуна ээ болуу үчүн, тартылып алынган мүлктү кедей-кембагалдарга бөлүштүрүлүп, таркатылаарын үгүт иштеринде жарыялап, айрым колхоз-совхоздорду манаптардын мүлкүнөн уюштурушкан. Натыйжада 1920-жылдардын экинчи жарымында эмиграциялык кыймыл пайда болуп, басмачы кыймылы жанданган. Мал-мүлкүн колхоздорго өткөрүп берүүнү калаабаган оокатуу адамдар Кытайга өтүп кетүүгө умтулушкан. Мындай маанай чек арага жакын жайгашкан Ат-Башы, Нарын аймактарында өзгөчө күчтүү болгон.

1928-1929-жылдар аралыгында Фрунзе кантонунан прокурорунан Нарын кантонунун НКВДсына жашыруун маалыматтар, сунуштар келип турган. Ал сунуштардын бири төмөнкүчө берилет:

1. Нарын кантонунун Ат-Башы, Чаштөбө, Шаркыратма, Куртка-Терек чөлкөмдөрүндө жашыруун тармактарды уюштуруу;
2. Тез аранын ичинде коркунуч туудурууучу көрүнүштөгү жасалма кылтактарды түзүү;
3. Кийим сатылуучу дүкөндөрдү жана чач-тарачтарды уюштуруу;
4. Тез арада атайын органдардын агенттеринин аткаруучу иштеринин программасын түзүп жана аларды Кантондун прокурору менен макулдаштырып, ишке киргизүү;

Издөө борбору Нарын канторасына жогорку билимдүү ишкерлерди тандоого көзөмөл жүргүзсүн, себеби кантондо Жаныбек-казынын бандасынын мүчөлөрү коркунуч жаратууда. Ошондой эле атайын органдардын эң активдүү мүчөлөрү тандалып алынсын. Фрунзе кантонунун тергөөчүсү[11]. Мында жогорку тараптан жер-жерлерде көзөмөл кылуу үчүн жашыруун топторду уюштуруп, алардын жардамы аркылуу өзгөчө кооптонууну жарткан инсандарды, «эл душмандарын» таап жазалоо сунуштары берилгендиги көрүнүп турат.

Мындай чаралар абалды жөнгө салмак турсун ого бетер курчуткан. Нарын кантонунда түштүктөгүдөй күчтүү басмачылык кыймыл болбогону менен Абдылда, Кулчун, Сүйүндүк, Турсун баштаган Совет өкмөтүнө каршы чыккан топторду ачык жана тымызын колдогондор көп болгон. Тап душмандары катары саналышкан бул адамдар туугандык байланыштарга да таянышкан. Акыры алар 1931-жылы Кытайга чек араны бузуп өтүшкөн.

1931-жылы жай айларында Нарын жана Ат-Башы аймактарындагы абал Киробкомдун бюросунда талкууланган. Массалык нааразычылыктын күчөшүн алдын алуу үчүн бай-манаптарга карата кысымды азайтуу чечими кабыл алынган. Бирок алдыда репрессиянын кийинки этаптары күтүүлүчү нерсе эле.

Таптык белгилери боюнча душмандарды аныктоо большевиктер саясатынын эң негизги кемчиликтеринин бири болгон. С.М.Абрамзон: «1930-жылдарга чейин эле абдан сабаттуу адамдар манап чөйрөсүнөн чыккан, манаптардын басымдуу бөлүгүнүн маданий курулуш багытында, негизинен мугалим катары эмгектенген»[12] – деп белгилейт. Себеби бардар үй-бүлөлөр балдарын жаштайынан сабаттуу адамдарга кошуп беришкендиктен, ал балдар өз билимин кеңейтүүнүн аркасында иш алып барышкан. Социологиялык жактан алып карагандар бардар үй-бүлөнүн балдары кембагалдардын балдарындай эртенки күндүн кулу болуп, башкалардын чарбачылыгына жалданма жумушчу ишин аткарган эмес. Бай-манаптарды массалык түрдө көчүрүп, сүргүнгө айдап, кулакка тартуунун натыйжасында, алардын бош калган ордуларына сабатсыз кедей адамдар иш жүргүзүшкөн. Сабаттуу, билимдүү адамдарды мамлекеттин кызыкчылыктарына туура колдонгондо жакшы натыйжаларды алып келүү мүмкүн эле. Андан сырткары коомдун элитасы катары саналган адамдардын репрессияларга кабылышы калктын генофондуна таасирин тийгизген.

Пайдаланылган адабияттар:


1. Медведев Р.А. Трагическая статистика // Аргументы и факты. 1989. – 4-5 февраль. №5 (435)
2. Антонов-Овсенко А.В. И.Сталин без маски. – М., 1990. – 506.
3. Мазохин О.Б. ВЧК – ОГПУ Карающий мечь диктатуры пролетариата. – М., 2004. – С. 167.
4. Астахов М.В. Массовые социальные и политические репрессии в России в XX в.: цели, причины, условия и последствия. // Репрессии народов СССР: последствия трагедии //Сборник материалов круглого стола. – Самара, 2007. – С.13-14.
5. Жунушалиев Дж. Кыргызстан: Преобразовательные процессы 20-30х годов, (Исторический анализ проблем созидания и трагедий), Автореферат диссертации доктора исторических наук, – Бишкек, 1993. – 38-39-бб.
6. Осмонов Ө. Кыргызстандын тарыхы. – Бишкек, 2007. – 368-369-бб.
7. КР.СД БМА, ф, 10, оп. 1, д.97, л. 122-123; КР БМА, ф. 21, оп. 15, д. 39, л. 105, 238.
8. КР, БМА, ф. 21, оп. 15, д. 40, Л. 42.
9. Шакмаров Ж.М. Наиболее известные политические процессы 1930-50-х годов в СССР. – Омск, 2011. // rl.:biblioteka.ru
10. Богачиев Н. Боогачы Жакыпбек уулунун адабий-маданий мурасын окутуу маселесине карата // Республикалык жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдары. – Бишкек, 1997. – 137-138.
11. Нарынский областной государственной архив. – Ф. 23, оп. 2, ед.15, д-4.
12. Абрамзон С.М. Современное манапство в Киргизии//Советская Этнография. – 1931. – №3-4. – 47-54-бб.